DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Маткасымова М.О.*

# ОЮН – МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА ЭКОНОМИКАЛЫК ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

*Маткасымова М.О.*

# ИГРА КАК СРЕДСТВО ЭКОНОМИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*M.O. Matkasymova*

# GAMES AS A MEANS OF ECONOMIC EDUCATION OF PRESCHOOL CHILDREN

*УДК: 373.2*

*Бул макалада мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык тарбиялоонун актуалдуулугу каралат. Балдарды экономикалык жактан тарбиялоодо үй-бүлөдөгү алгачкы экономикалык мамилелерди жана тажрыйбаларды өздөштүрүүдө кетирилген кемчиликтерден улам, мектепке чейинки курактагы балдарда өзүмчүлдүк, сараңдык, альтруизм, ыксыз ысырапчылык сыяктуу терс сапаттар пайда болот. Ошондуктан, өсүп келе жаткан жаш муундарды мектепке чейинки куракттан баштап ар тараптуу өнүккөн жана экономикалык жактан сабаттуу, чарбаны рентабелдүү жүргүзө алган демилгелүү кызматкер кылып тарбиялоо милдети коюлган. Балдар негизги экономикалык категорияларды: экономика, пайда жана чыгым, муктаждыктар, акча, эмгек (кесип), жарнама, бартер, бизнес жана капиталды өздөштүрүү менен бирге балдарда ыймандуулук, адептүүлүк, эмгекчилдик, үнөмдүк сапаттар калыптанат. Экономикалык тарбиялоо сюжеттик-ролдук жана дидактикалык оюн ишмердүүлүгү аркылуу жүргүзүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *оюн, жарнама, бартер, бизнес, эмгекчилдик, үнөмдүк, пайда, чыгым, муктаждык, акча, эмгек.*

*В данной статье рассматривается актуальность экономического воспитания детей дошкольного возраста. Из-за недостатков, допущенных при освоении первичных экономических отношений и практик в семье в экономическом воспитании детей, у детей дошкольного возраста возникают негативные качества, такие как эгоизм, скупость, альтруизм и расточительство. Поэтому, поставлена задача воспитания, начиная с дошкольного возраста как инициативного работника, всестронне развитого, и экономически грамотного, с рентабельным делом. Детям на изучение даются такие категории как: экономика, расходы и доходы, потребности, деньги, труд (профессия), реклама, бартер, бизнес и капитал. У детей формируются понятия о нравственности, трудолюбии и бережливости. Экономическое воспитание детей дошкольного возраста происходит через игровую деятельность: сюжетно-ролевые игры и дидактические игры.*

***Ключевые слова:*** *игры, реклама, бартер, бизнес, трудолюбие, бережливость, прибыль, убыток, потребность, деньги и труд.*

*This article discusses the relevance of economic education of preschool children. Therefore, because of the initial economic relations and shortcomings in the economic education of children in the family, there are negative qualities of preschool children, such as selfishness, buyinq, altruism and cowardice. Altruism, the main goal is educating the younger generation, starting from preschool age as an initiative worker, fully developed, and economically literate, with a profitable business. Children study such categories as: economy, expenses and income, needs, money, work (profession), advertisement, barter, business and capital. Children develop notions of morality, diligence and thrift. Economic education takes place through role-playing and didactic games*

***Key words:*** *games, advertising, barter, business, politeness, diligence, profit, loss, need, money and labor.*

Азыркы өсүп келе жаткан балдар келечектеги жаңы жашоо шарттарынын талаптарына ылайык, принципиалдуу жаңы кесиптерге, билимге, кесиптик жана жеке сапаттарына ээ болуусу зарыл. Ошондой эле мындан аркы жашоо-турмушундагы база боло турган заманбап жаңы экономикалык шарттарда тарбиялоо зарылдыгын пайда кылуусу менен мектепке чейинки курактагы балдардын өз алдынча болуусу, активдүү, эмгекчил, экономикалык жактан сабаттуу, жогорку адептүү, гумандуу адамдык сапаттарын мектепки чейинки куракта тарбиялоонун зарылдыгын көрсөтүүдө. Ошондуктан экономикалык тарбиялоо азыркы учурда мектепке чейинки педагогикадагы салыштырмалуу актуалдуу жана зарыл жаңы багыт болуп саналат.

Балдарды экономикалык жактан тарбиялоо идеялары: Н.К. Крупскаянын, П.П. Блонскийдин, А.В. Луначарскийдин эмгектеринде, С.Т. Шацкийдин, А.С. Макаренконун, В.А. Сухомлинскийдин, А.Шатованын ж.б. тажрыйбаларында кеңири колдонулган.

Бир караганда экономика менен мектепке чейинки курактагы балдардын аралыгы алыс болуп көрүнүшү мүмкүн. Бирок, бала үй-бүлөдөгү экономикалык жашоого эрте эле кездешип: акча, жарнама,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ата-энеси менен дүкөнгө барганда, алып-сатуулар аркылуу экономикалык маалыматтарды жашоо деңгээлинде үйрөнөт. Үй-бүлө баланын экономикалык элестетүүлөрүн өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу чөйрө, бул жерде ал күн сайын экономикалык түшүнүктөр, көйгөйлөр менен кезигет. Бала бардык нерсе акчага сатып алынат жана тигил же бул буюмду алуу үчүн акча керек, акча табуу үчүн иштеши керек экендиги жөнүндө угат. Мына ошондуктан балдар алгач үй-бүлөдө эмгектин баасын, кирешени, чыгашаны, материалдык жактан камсыздануунун артыкчылыктарын, токчулук жана жакырчылыктын айырмасын түшүнөт. Экономика баланын жаш кезинен жашоосунда эң маанилүү жана ажырагыс керектүү нерсе катарында «үй-чарбасын акыл менен жүргүзүү», «үй-чарбасын жүргүзүү искусствосу» болуп саналат.

Экономикалык мамилелердин алгачкы жана баштапкы тажрыйбасын балдар үй-бүлөдө өздөштүрөт, бирок баштапкы экономикалык билим берүүнүн кемчилдиктеринен улам мектепке чейинки курактагы балдардын биринчиден, өзүмчүлдүк, сараңдык, ачкөздүк, экинчиден – альтуризм, ыксыз ысырапчылык сыяктуу терс сапаттар пайда болот. Ошол үчүн ата менен энелер жана тарбиячылар экономикалык тарбиялоонун жоопкерчилигин жана маселенин татаалдыгын түшүнө билүүсү зарыл.

Экономикалык тарбиялоо процессинде балдар негизги экономикалык категорияларды: экономика, пайда жана чыгым, муктаждыктар, акча, эмгек (кесип), жарнама, бартер, бизнес жана капиталды өздөштүрүү менен бирге мектепке чейинки балдарда ыймандуулук, адептүүлүк, эмгекчилдик, үнөмдүүлүк сапаттардын калыптануусу баланын жүрүш-турушунда байкалат.

Экономикалык билим берүүнүн максаты – таануу процессинде балага курчап турган предметтер дүйнөсүн ачуу менен бирге руханий жана материалдык баалуулуктар сыяктуу эле жалпы адамзат маданиятына тиешелүү жүрүм-турум формаларын үйрөтүү [1, 148].

Балдарга экономикалык тарбиялоонун негизги каражаты болуп, көргөзмөлүү-образдуу ойлоосу жана ишмердүүлүктүн негизги түрү – оюн, оюн ишмердүүлүгү эсептелет.

Оюн бала үчүн өтө олуттуу иш К.Д. Ушинский айткандай «алгач билим берүүнүн милдети болуп – бала үчүн сабакты олуттуу, кызыктуу өтүү» [2, 176].

Мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык билимди оюн аркылуу берүү – бул экономикалык кругозорунун калыптануусу, экономикалык түшүнүк жана ойлордун, алгач экономикалык билимдерди түшүнүү, эмгекчил, үнөмдүүлүк, кылдаттык сыяктуу инсандык сапаттарга ээ болуу болуп саналат.

Балдар сюжеттик-ролдук оюндарда чындыкты иш жүзүндө чагылдыруусу үчүн экономикага байланыштуу бардык иш-аракеттерди жана жагдайларды ойноо керек.

Анткени мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык билим берүүдө акча кагаздары менен тааныштыруу, балдарга буюмдун жаралышы жөнүндө маалымат, товар деген эмне?, аларды кантип алмаштырат, акча кайдан пайда болот, товар алмаштырууда алар кандай ролду ойнойт, чоңдордун бардык эмгеги акча менен бааланарын, башкача айтканда, эмгек акы менен төлөнөрүн, акчаны кантип үнөмдөө керек, сатып алууда үй-бүлөдө акчаны кантип бөлүштүрүү керектиги балдар бакчасында оюн аркылуу ишке ашырылат.

Мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык билим берүүнүн милдеттери:

1. Балдарды экономика илиминин теоретикалык негиздери менен тааныштыруу (жеткиликтүү экономикалык түшүнүктөр менен тааныштыруу, заманбап базар мамилелерди таанытуу аркылуу).
2. Менчиктин бардык түрлөрүнө этияттык менен мамиле көндүмдөрүнө тарбиялоо, эмгекчил жана иштеген адамдарга болгон урматка үйрөтүү, эмгекти жана адамдардын эмгегин урматтоо.
3. Оюу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү.
4. Балдардын зарыл сапаттарын тарбиялоо (предметтик дүйнөгө, жаратылышка аяр мамилеге)
5. Аң-сезимдүү жүрүм-турум көндүмдөрдү жана муктаждыктарды калыптандыруу.

Мектепке чейинки курактагы балдарга экономикалык түшүнүктөрдү, билимди өнүктүрүү, практикалык тажрыйбаларды топтоо үчүн педагогикалык «Экономикалык алиппе» аттуу бурч уюштуруу менен анын ичине өндүрүү борборлор жана чоң дүкөндөр белгиленип, өз шаарынын картасын жайгаштырылып, ал өнүктүрүүчү чөйрөнү үстөлгө коюучу-басма басылган: «Монополия», «акча», «супермаркет», «бул эмнеден жасалган», «момпосуй жана тыйындар», «кесиптер», «экономика» деген экономикалык оюндар менен толукталат.

«Магазин» аттуу сюжеттик-ролдук оюн үчүн касса аппараты сатып алуу, чек жана акчаларды, «Банк» оюну үчүн квитанция, компьютердин макетин жасап коюу максатка ылайык болот. Экономикалык түшүнүктөр боюнча картотека түзүлүп, ал өтүлгөн жаңы материалдагы сөздөр менен таанышкандан кийин толукталып туруу керек. Андан сырткары дидактикалык оюндар картотекасы иштеп чыгаруу зарыл.

Мектепке чейинки экономикалык билим берүүдө ата-энелер менен кызматташуу да чоң мааниге ээ болуп, ата-энелер менен чогуу «Балдарды жашоого даярдоо», «Үй-бүлөлүк каржы», «Акча кайдан ке-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лет?» деген темалардагы экономикалык билим берүүчү темалар боюнча боюнча иштер жүргүзүлөт.

Ата-энелерге балдардын экономиканы үйрөнгөнү абдан жагат. Алар балдарга «экономикалык» тарбия берүү үчүн ар тараптан жардам бере башташат. Анын натыйжасында үй-бүлөдөгү «алгач экономикалык тажрыйба» пайда болуп, балдар сабактан алган экономикалык тажрыйбаларын үйлөрүндө пайдалана башташат: үй-бүлөдөгү муктаждыктарды бөлүшкөндү (эмнеге биринчи, эмнеге акыркы кезекте акча жумшоо керек), үй-бүлө бюджетин түзүшкөндү, азык-түлүк сатып алышканды, үй-бүлөдөгү ресурстарды үнөмдөшкөндү (электр энергиясын, суу), үйдөгү ар бир нерсеге аярлуу мамиле жасашканды үйрөнүшөт.

Мектепке чейинки мекемелерде балдарды окутуу жана өнүктүрүүчү сюжеттик-дидактикалык оюндар көп колдонулат. Анткени бул оюн бир эле мезгилде өнүктүрүүчү жана окутуучу болуп саналат. Сюжеттик-дидактикалык оюндар турмуштагы реалдуу кырдаалдарды: алып-сатуу, өнүктүрүү жана аны сатуу, ж.б. моделдештирүү аркылуу балага экономикалык түшүнүктөрдү калыптандырат.

Сюжеттик-дидактикалык оюндардын жардамы менен балдарга татаал предметтер дүйнөсүнө, буюм, адамдардын мамилелешүүсүнө киргүүгө жардам берет. «Эмгек-азык-түлүк-мүлк» аттуу тема боюнча «Ателье», «Эмерек устаканасы», «Базар», «Дүкөн», «Оорукана», «Дарыкана», «Чачтарач», «Курулуш», «Мал чарба» оюндары уюштурулат. Балдар эмгектин баасын билишип, чоң адамдардын эмгек процесси жөнүндө түшүнүктөрдү алышат. Оюн процессинде адамдардын ар түрдүү материалдарды колдонушуп, ар түрдүү товарларды даярдоо жөнүндөгү түшүнүктөрүнө ээ болушат.

Мектепке чейинки курактагы балдар – салттуу кесиптер менен («Мен бардык кесиптерди билем» оюну) жана жаңы кесиптер (мисалы: жарнама агенттиги, жарнама берүүчү, банкир), адамдар үчүн маанилүү болгон эмгектин ар кандай түрлөрү менен тааныштыруу жүргүзүлөт. Балдарга кесиптердин жакшы же жаманы, керектүү же керексизи болбой тургандыгын жана бардык кесип зарылдыгы түшүндүрүлөт. Кандай гана кесиптин ээси болбосун, ал адам өз ишин так, туура аткарып, элдин керегине жараган кесип ээси болуусу маанилүү экендигин жөнүндө маалыматтар берилет.

«Чакан сатып алуулар», «Базар», «Аптека», «Банк» сыяктуу оюн учурунда балдар ар бир буюм акчага келишин, колундагы акча менен сатып ала турган буюмдун баасын салыштыра билүүнү үйрөнүшөт. Жогорудагы оюндар аркылуу балдар банк – бул акча бериле турган, сактала турган, карызга бере турган, алмаштыра турган, төлөнө турган жай экендиги жөнүндө түшүнүктөрдү алышат.

Мектепке чейинки курактагы балдар «Дүкөн» оюнун ойноодо сатып алган буюмга канча номиналдагы акча төлөнүп жаткан маани беришпейт. Көп учурда биз балдардан: «Менде бир акча бар болчу, ал эми азыр болсо бир нече (эки, үч, беш, ж.б.) акча болуп калды» – деген сөздөрдү көп эле жолу угабыз, ошондуктан мектепке чейинки курактагы балдарга Кыргызстанда колдонгон акча белгилери менен тааныштыруу зарыл. Балдар бакчасында кыргыз акчалардын папкасын түзүү керек. Сабак учурунда балдар акчалар кагаз-купюра жана металдан-тыйын жасаларын үйрөтүү керек. «Жарнама» деген темадагы сюжеттик-дидактикалык оюндар балдарга практика жүзүндө жарнама түзүү, жарнаманы жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет. Балдар жарна агенттиги менен иштөөдө, жарнама берүүчү, сүрөтчү-кооздоочу деген кесиптер менен таанышышат.

Мектепке чейинки балдардын экономикалык маданияттын калыптандыруунун негизи каражаты катары дидактикалык оюндар көп пайдаланылат. Балдар оюн аркылуу билимдерге, ык, көндүмдөргө маданияттуу жүрүм-турум эрежелерин жана дидактикалык оюндун жардамы аркылуу балдар экономикалык билимге ээ болуу менен бири-бири менен тил табышууга, чечим кабыл алууга, белгилүү эреже-тартиптерди сактоого, өзүн башкара билүүгө, кызматташууга, башкалардын оюу менен эсептешүүгө, алардын каалоо-талабын эске алууга жана сыйлоого, ошондой эле бир нерсени кунт коюп жасоого жана баштаган ишин аягына чыгарууга үйрөнүшөт. Балдарга экономикалык билим берүү сабагына болгон кызыгуусун жогорулатуу үчүн дидактикалык оюндардын түрлөрүн: предмет менен, сүрөттөр менен, үстөлгө коюлуучу басма басылган, сөздүк экономикалык оюндар, ошондой эле саякат оюндар, табышмак оюндар, оюн аңгеме, божомол оюндар ж.б. колдонулат [3, 80]. Экономикалык тарбиялоодо оюнду колдонуунун жыйынтыгы оң натыйжага ээ болот. Балдар оюн учурунда экономикалык билимди оюн катары кабыл алып ийгиликтүү өздөштүрөт.

Натыйжада балдарды өздөрүнүн жана бала бакчанын буюмдарына аярлуу мамиле жасоого, эмгек сабагында жана сабактарда материалдарды үнөмдөөгө үйрөнүшөт. Балдар логикалык ойлонууга үйрөнүшүп, экономикалык темаларды талкуулашып, жыйынтык чыгара башташат.

Экономикалык билим берүү мектепке чейинки курактагы баланын чыныгы жашоосуна жакындатып, ишкердүүлүк сапаттарын калыптандырууга, акчаны саноого үйрөтүп, бакча менен мектептин ортосундагы байланышты түзүүдөгү көпүрө болууга жардам берет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Адабияттар:**

1. Шатова А.Д. Обсуждая проблему «Экономика и … дети» // Детский сад от А до Я. - 2003. - №4. - С.148
2. Смоленцева А.А. Введение в мир экономики, или Как мы играем в экономику: Учебно-методическое пособие. - СПб: «Детство-пресс», 2011. - 176с.
3. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании. Собр. соч. - Т.8. - Л., 1956. Абдымомунова Б.А., филиал РГСУ.
4. Шатова А.Д. Нужно ли и зачем дошкольнику экономическое воспитание? // Дошкольное воспитание. - 1994. - №8.
5. Экономическое воспитание дошкольников: Примерная программа, перспективное планирование, конспекты занятий / Под. ред. Е.А. Курака. - М.: ТЦ СФЕРА, 2012. - 80 с.
6. Играем в экономику: комплексные занятия, сюжетно-ролевые игры и дидактические игры / авт.- сост. Л.Г. Киреева. - Волгоград: Учитель, 2012. - 169 с.
7. Лушникова Е.В. Как мы играем в экономику // Воспитатель ДОУ «ТЦ СФЕРА». - М.; 2008. - №11. - С. 75.
8. Райзберг Б.А., Лозовский Л.Ш., Цымук М.И. Детский экономический словарь. Изд-ва «Росмен». - М.: 1999. - 192 с.

**Рецензент: к.пед.н., доцент Даминова И.**